**МАКУЛДАШЫЛДЫ**
Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун ИИИ
боюнча проректору т.и.к., доцент
С.Ж.Куваков
« 02 » февраль 2023-ж.

**БЕКИТЕМ**
Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
ректору, т.и.д., профессор
К.Ж.Усенов
« 03 » 2023-ж.

**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин КРнын Түштүк бөлүмүндөгү Жалал-Абад илимий борбору менен интеграциялашуу боюнча**

# ЖОБО

**Жалал-Абад – 2023ж.**

**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин КРнын Түштүк бөлүмүндөгү Жалал-Абад илимий борбору менен интеграциялашуу боюнча жобосу**

1. *Жалпы жоболор*

1. Ушул Жобо Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 16-февралындагы № 26 "Өлкөнү туруктуу өнүктүрүүгө илимдин салымын жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгы менен бекитилип берилген, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын илимий-изилдөө институттары менен өз ара иштешүүнүн тартиби жөнүндө жобосуна (мындан ары - Тартип) негизделген Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин КРнын Түштүк бөлүгүндөгү Жалал-Абад илимий борбору менен интеграциялашуу боюнча, ЖАМУ менен ага бекитилген Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын (мындан ары - УИА) Түштүк бөлүмүнүн илимий борбору менен иштешүүнүн формаларын жана багыттарын аныктайт.
2. Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети менен КРнын УИАнын Түштүк бөлүмүнүн Жалал-Абад илимий борборунун өз ара иштешүүсүнүн (интеграциясынын) максаты илимий изилдөөлөрдүн жана кесиптик билим берүүнүн сапатын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу, илимий изилдөөлөр менен окуу процессинин органикалык байланышын камсыз кылуу үчүн ишти координациялоо жана күч-аракеттерди бириктирүү болуп саналат.
3. Ушул жобо боюнча өз ара иштешүүнүн катышуучулары болуп:
   - Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети жана КРнын УИАсынын Түштүк бөлүмүнүн Жалал-Абад илимий борбору эсептелинет;

2. **Өз ара иштешүүнүн формалары жана багыттары**

1. Өз ара иштешүүнун катышуучуларынын биргелешкен иши төмөнкү негизги багыттар боюнча жүзөгө ашырылат:

- макулдашылган пландар жана программалар боюнча биргелешкен фундаменталдык жана прикладдык илимий изилдөөлөрдү жана иштеп чыгууларды жүргүзүү;
- КРнын УИАнын Түштүк бөлүмүнүн илимий борборунун директорунун кандидатурасын дайындоодо ЖАМУнун жетекчилиги менен макулдашуу;
- КРнын УИАсынын Президиумунун курамына ЖАМУнун ректорун киргизүү;
- КРнын УИАсынын Түштүк бөлүмүнүн илимий борборунун жетекчисин мамлекеттик жогорку окуу жайынын окумуштуулар кеңешинин курамына киргизүү;
- КРнын УИАсынын Түштүк бөлүмүнүн Жалал-Абад илимий борбору иш

пландарын мамлекеттик жогорку окуу жайлары менен макулдашып бекитүү;

- КРнын УИАсынын Түштүк бөлүмүнүн Жалал-Абад илимий борборунун түзүмүн, алардын ишин уюштуруунун тартибин, ошондой эле алардын жетекчилигине жана кызматкерлерине коюлган талаптарды Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин жетекчилиги менен макулдашып аныктоо;
- Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети менен КРнын УИАнын Түштүк бөлүмүнүн Жалал-Абад илимий борборунун - тең уюштуруучулар катары фундаменталдык жана прикладдык илимдер боюнча биргелешкен диссертациялык кеңештерди түзүү;
- КРнын УИАсынын Түштүк бөлүмүнүн Жалал-Абад илимий борборунун илимий кызматкерлерин ЖАМУнун окуу процессине тартуу менен магистердик, курстук, дипломдук иштерди аткарууда илимий жетекчилиги катары бекитүү;
- Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин түзүмдүк бөлүмдөрү менен КРнын УИАсынын Түштүк бөлүмүнүн илимий борборунун лабораториялары, илимий-өндүрүштүк базалары, илимий станциялары менен өз ара иштешин камсыздоо, илимий, билим берүү жана инновациялык профилдердин интеграцияланган бөлүмдөрүн түзүү (илимий лабораториялар, базалык кафедралар, ресурстук борборлор, бизнес-инкубаторлор ж. б.);
- Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети менен КРнын УИАнын Түштүк бөлүмүнүн Жалал-Абад илимий борборунун базасында магистратура, аспирантура жана PhD докторантура боюнча илимий жана илимий- педагогикалык кадрларды биргелешип даярдоо жүргүзүү;
- Б.Осмонов атындагы мамлекеттик университетинин окутуучуларын, студенттерин, магистранттарын жана аспиранттарын КРнын УИАнын Түштүк бөлүмүнүн Жалал-Абад илимий борборунун илимий долбоорлоруна тартуу;
- Академиялык жана ЖОЖдук илимди өнүктүрүүнүн проблемалары жана келечектери боюнча биргелешкен басма иштерин жүргүзүү;
- Биргелешкен эл аралык жана улуттук конференцияларды, семинарларды, тренингдерди жана башка илимий иш-чараларды уюштуруу.

2. Өз ара иштешүүнүн конкреттүү багыттары Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети менен КРнын УИАсынын Түштүк бөлүмүнүн Жалал-Абад илимий борборунун макулдашуусу боюнча белгиленет.
3. Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети менен КРнын УИАсынын Түштүк бөлүмүнүн Жалал-Абад илимий борборунун өз ара иштешүүлөрүнүн алкагында, алардын ортосунда түзүлгөн келишимдик негизде иштеген консорциумдар түзүлүшү мүмкүн.

**3. Өз ара иштешүүнүн катышуучуларынын салымдары**

1. Өз ара иштешүүнүн катышуучуларынын биргелешкен ишке салымы

интеллектуалдык, материалдык-техникалык жана финансылык ресурстар, окуу-методикалык материалдар жана интеллектуалдык иштин натыйжалары болушу мүмкүн.

2. Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин атайын эсептердин финансылык каражаттарын КРнын УИАсынын Түштүк бөлүмүнүн Жалал-Абад илимий борборунун материалдык-техникалык базасын жана илимий инфраструктурасын чыңдоого жумшоого укуктуу.
3. Биргелешкен ишмердүүлүккө өз ара иштешүүнүн катышуучуларынын салымдарынын конкреттүү түрлөрү Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети менен КРнын УИАсынын Түштүк бөлүмүнүн Жалал-Абад илимий борборунун макулдашуусу боюнча белгиленет.